«ТЕХНОДҮЙНӨ – КЕЧЭЭ, БҮГҮН, ЭРТЕҢ»

Республикалык компьютердик плакаттар конкурсун өткөрүү жөнүндө

**ЖОБО**

**1. Максаты жана милдеттери:**

- окуучулардын маалыматтык сабаттуулугун жогорулатуунун каражаты катары санариптик технологияларды колдонуу;
- окуу, таанып-билүү жана изилдөө ишмердигинде балдардын жана жаштардын маалыматтык активдүүлүгүн калыптандыруу;
- табитти жана визуалдык сабаттуулукту калыптандыруу.

**2. Иш-чаранын уюштуруучулары**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, «Алтын түйүн» Улуттук балдар инженердик-техникалык академиясы.

**3. Иш-чараны өткөрүү убактысы, дареги**

- Конкурс 2025-жылдын 15-январынан 2025-жылдын 5-февралына чейин өткөрүлөт. Аткарылган иштер 2025-жылдын 3-февралына чейин «Алтын түйүн» акалемиясына poster.ndita@gmail.com электрондук почтасына жөнөтүлөт.
- Электрондук почта аркылуу жөнөтүлгөн иштерде «Конкурс» деп көрсөтүлгөн темасы болууга тийиш (антпесе электрондук каттар ачылбайт).

**3.Конкурстун номинациялары жана катышуучулары**

Конкурска мектептерде, мектептен тышкаркы кошумча билим берүү мекемелеринде жана балдардын билим берүү борборлорунда билим алып жаткан 10 жаштан 17 жашка чейинки балдар, өспүрүмдөр жана жаштар катышат. Иштер 2 жаш курактык категория боюнча бааланат:

- 10 - 13 жаш;
- 14 - 17 жаш.

**4. Аткарылган иштерге талаптар**

- Конкурска сунушталган иштер каалаган компьютердик технологияны колдонуу менен түзүлүшү мүмкүн: текст, графикалык редакторлор (Word, Paint, Power Point, CorelDraw, PhotoShop ж.б.), программалоо (exe, bat, com компиляцияланган программалар). Иштер конкурстун темасына жана аткарылыш сапатына жараша бааланат.

- Конкурска жиберилген иштер тарбиялык маалыматтарды камтууга, өзүнүн урааны, кайрылуусу ж.б. болууга тийиш.
- Иштердин электрондук версиялары же конкурстук ишти камтыган файл сактагычка шилтемелер гана кабыл алынат. Эң мыкты иштер дипломдор менен сыйланат. **Конкурска вирустук иштерге жол берилбейт!**

**Иштин ылдыйкы оң бурчунда төмөнкүдөй маалыматтар талап кылынат: катышуучунун фамилиясы, аты, жашы, мектеби, классы, дареги; эгерде иш жамаат менен аткарылса, чыгармачыл топтун аталышы жана анын катышуучулары жөнүндө маалыматтар көрсөтүлөт. Шрифтин өлчөмү - 12 - 14 чоң болбоого тийиш.**

**Сурап-берүү телефондору: (0312) 31-58-47.**